DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.049

*Сагынбай кызы Н.*

## ЕВРАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК БИРИМДИКТЕГИ БАЖЫ СОЮЗУНУН КАЛЫПТАНЫШЫ

*Сагынбай кызы Н.*

## ФОРМИРОВАНИЕ ТАМОЖЕННОГО СОЮЗА В ЕВРАЗИЙСКОМ ЭКОНОМИЧЕСКОМ СОЮЗЕ

*Sagynbay kyzy N.*

## FORMATION OF THE CUSTOMS UNION IN THE EURASIAN ECONOMIC UNION

*УДК: 93:339.543/923:061*

*Бул макалада Евразиялык экономикалык биримдиктеги бажы союзунун калыптануу тарыхы жана өнүгүү этаптары чагылдырылган. Интеграциялык процесстин маңызын алгач ЕврАзЭС өлкөлөрү түзгөн, андан кийин алардын ичинен Белоруссия, Казакстан жана Россия бөлүнүп, алардын негизинде Бажы союзу (БС) түзүлгөн. Ошентип, Евразиялык экономикалык биримдик (ЕврАзЭС) Белоруссия, Казакстан жана Россия тарабынан түзүлүп, андан кийин ага Кыргызстан менен Тажикстан кошулган. 2007-жылы 6-октябрда Душанбеде Белоруссия, Казакстан жана Россия тарабынан Бирдиктүү бажы аймагын жана Бажы союзун түзүү жөнүндө келишимге кол коюлган. 2009-жылы мамлекет жетекчилеринин жана өкмөттөрдүн деңгээлинде кийин Бажы союзунун негизин түзгөн 40ка жакын эл аралык келишим кабыл алынып, ратификацияланган. ЕАЭБ өлкөлөрүнүн бажы саясатын укуктук жактан камсыздоону түзүүгө болгон тарыхый жагдайды кароо максатында, ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн бажы мыйзамдарынын калыптануусу жана өнүгүүсү тарыхый өңүттө изилденди.*

***Негизги сөздөр:*** *Евразиялык экономикалык биримдик, Бажы союзу, эл аралык келишим, бажы саясаты, интеграция, эркин соода.*

*В данной статье рассказывается об истории и этапах развития Таможенного союза в Евразийском экономическом союзе. Сущность интеграционного процесса формировали сначала страны ЕврАзЭС, затем отделившиеся от них Беларусь, Казахстан и Россия, на базе которых образовался Таможенный союз. Так, Евразийский экономический союз был образован Беларусью, Казахстаном и Россией, а затем к нему присоединились Кыргызстан и Таджикистан. 6 октября 2007 г. в Беларусии, Казахстане и России подписано соглашение о создании Единого таможенного пространства и Таможенного союза. В 2009 году на уровне глав государств и правительств было принято и ратифицировано около 40 международных договоров, которые впоследствии легли в основу Таможенного союза. В целях рассмотрения исторической ситуации в формировании правового обеспечения таможенной политики государств-членов ЕврАзЭС исторически исследовано становление и развитие таможенного законодательства государств-членов ЕврАзЭС.*

***Ключевые слова:*** *Евразийский экономический союз, Таможенный союз, международный договор, таможенная политика, интеграция, свободная торговля.*

*This article deals with the history and stages of development of the Customs Union in the Eurasian Economic Union. The essence of the integration process was formed first by the countries of the EurAsEC, then by Belarus, Kazakhstan and Russia, which separated from them, on the basis of which the Customs Union (CU) was formed. Thus, the Eurasian Economic Union (EurAsEC) was formed by Belarus, Kazakhstan and Russia, and then Kyrgyzstan and Tajikstan joined it. On October 6, 2007 Belarus, Belarus, Kazakhstan and Russia signed an agreement on the creation of the Common Customs Space and the Customs Union. In 2009, about 40 international treaties were adopted and ratified at the level of heads of state and government, which subsequently formed the basis of the Customs Union. In order to consider the historical situation in the formation of the legal support of the customs policy of the EAEU member states, the formation and development of the customs legislation of the EAEU member states is historically studied.*

***Key words:*** *Eurasian Economic Union, Customs Union, international treaty, customs policy, integration, free trade.*

Евразия экономикалык бирлигине (ЕАЭБ) киргендигине байланыштуу Кыргыз Республикасында жүрүп жаткан социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр өлкөдөгү эң маанилүү мамлекеттик институттарды терең изилдөөгө алып келди. Глобалдалдык коомдогу эл аралык экономикалык мамилелерди өнүктүрүүнүн олуттуу өзгөчөлүгү эгемен мамлекеттердин регионалдык соода-экономикалык бирикмелерин өнүктүрүүгө жол ачты. Бул процесс айрыкча өзүнүн интенсивдүүлүгүн XX кылымдын экинчи жарымында көрсөтө баштаган.

Алгач, «бажы» деген түшүнүктү карап алсак. Бул өлкө экономикасынын бажы иштерин жөнгө салуу жаатындагы жана соода саясатынын максаттарын жүзөгө ашырууда, тышкы экономикалык ишмердүүлүктүн товар айланууга ылайык системалаштырылган, товарлардан алынуучу бажы алымдарынын жыйындысы катары кароого болот. Орто кылымдарда алгач Францияда кресттүүлөрдүн жүрүшүндө [1, 19-б.] белгилүү болгондой, «тариф» термини «талашсыз төлөм» түшүнүгүндө - формасы жагынан (накталай же натуралай), төлөө убактысы боюнча (ушул жерде же азыр) жана өлчөмү боюнча (дал ошончо суммада, аз да эмес, көп да эмес) талашсыз термин катары колдонулганы маалым. Терминдин өзү французздарга араб тилинен келген, ал эми Левантеде маяктарды жана карантиндерди кармоого кеткен, кораблдерден алынуучу порт жыйымдарын атап келишкен, ал бардыгы үчүн бирдей өлчөмдө болгон. Жеке ээликтер (жер

ээлери) көрсөткөн кызматтары үчүн бирдиктүү тариф болгон эмес, башкача айтканда, тапшырыкчы (заказчы) таксага макул болбосо, төлөм келишүү жолу менен жүргүзүлгөн. Кызмат көрсөткөн өкүл салыкты иш жүзүндө, милдеттүү кирешеге жараша төлөгөндүктөн, таксанын бүтүмгө келбей турган төмөнкү чектери белгиленген. Тарыхта белгилүү болгондой өз ара эсептешүү формаларынын үчүнчүсү «салари» деп аталган. Орто кылымда курал-жарак жасоочу кол өнөрчүлөрдүн өз ара соодасынын кадыр-баркы бийик болгондуктан, алар товар үчүн дайыма өз бааларын таңуулашып, заказчынынын капчыгына жараша кааloосун билдирүүгө мажбурлашкан.

Орто Азиянын аймагындагы бажы төлөмдөрү боюнча мамлекеттердин мыйзамдарынын өнүгүү тарыхына талдоо жүргүзсөк. Көптөгөн авторлор, алардын ичинде, В.А. Мещериков да Борбордук Азия аймагындагы бажыдагы экономикалык мамилелер Улуу Жибек жолунан башталып, кийин Кокон хандыгына жана Россия падышачылыгына өткөн, андан соң Советтер Союзунда улангандыгы, анын соңку этабы көз каранды эмес мамлекеттердин мезгилине туура келет, - деп эсептеген [2, 48-б.].

Улуу Жибек жолунун негизги тилкелери азыркы Кыргызстандын аймактары - Алай, Ош, Эркечтам, Жогорку Барехан (Барскоон), Нузкент (Кара-Балта) аркылуу өткөн. XVIII кылымда ушул аймактарда биринчи чек ара бажылары жайгашкан, ошондой эле «лагердик базарлар», «тосоттордогу базарлар», «чет жердик базарлар» жана адаттагы шаар базарлары жайгашып, аларда сатылып жаткан товарлар үчүн алымдар алынып турган.

Бажы алымдарын алуу тажрыйбалары – бул ачык доолануучу алымга караганда, казына толтуруунун (жеке падышаны байытуучу) кылдат ыкмасы болгон. Бардык доорлордун жана элдердин башкаруучулары аны жакшы түшүнүшкөн. XIX кылымга чейин көптөгөн мамлекеттерде ички бажы жыйымдары жашап келген, шаарларда, ири айыл-кыштактарда өткөн чоң жолдорго коюлган тосоттордо соодагерлерден жолдон өткөндүгү жана соода жүргүзгөндүгү үчүн акча жыйнашкан. «Чоң бажы» аталган жыйымдардын айрымдары чек аралардан төлөнгөн, азыркы мезгилде дал ушул система иштеп келет. Ошентсе да, өлчөмү, жыйнаган тартиби боюнча бул алымдар узак мезгилдерге чейин башка бажы жыйымдарынан айырмаланчу эмес. Кылымдар бою эч кандай жакшы ойлонулган бажы саясаты ишке ашкан эмес. Тарыхый доорлордо бажы деген бул киреше табуунун куралы катары иштеп келгени белгилүү.

*Кокон хандыгындагы бажы мыйзамынын (зекет төлөөнүн) укуктук мамилелери (XVIII-XIX кк.).* Кокон хандыгынын мезгилинде жыйымдар менен алымдардын так, бышык тизмеги болгон. Кокондо бажы жыйымдары (зекет) төлөнүүчү бажыканалар (чор-суу) иштеген. 562-жылы византиялык жана персиялык соодагерлер өздөрүнүн жибектен жасалган товарларын чек араларга коюлган бажы пункттары аркылуу алып өтүшчү жана аталган пункттарда алымдарды төгүшкөн. Бирок соодагерлер ошол кезде деле бардык аракети менен бажыканаларды айланып өтүүнүн амалдарын жасашканы белгилүү [3, 111-б.].

*Кийинки тарыхый этап – бул Борбордук Азия аймагындагы Россия падышачылыгынын бажы саясаты (1863-1917-жж.).* Бул этапда алымсыз эркин соодасы менен кызыктуу болгон. Чет өлкөлүк товарлар алым төлөбөстөн жана бажы салттарын сактабастан киргизилип турган. XIX кылымдын 50-жылдарында дүйнө жүзү боюнча фритредердик тенденциялар жайылган. Россиянын 1850, 1857, 1868-жылдардагы бажы тарифтери өзүнүн либералдык мүнөзү менен айырмаланып турган жана соода эркиндигин жарыялашкан. 1857-1868-жж. бажы иштеринде реформалар белгиленген [4, 126-б.]. Бажыны жөнгө салуу кабыл алынган бажы тарифтеринен жана бажы уставдарынан келип чыккан. Бажы жыйымдарынын департаментине бажы мекемелерин башкаруу иш милдеттери берилген. Ташылып киргизилген товарлар сыяктуу эле, чыгарылган товарлардын бажы алымдарынын азаюусу улана берди. 1856-жылдын августунда 1850-жылдагы тарифтерди кайра карап чыгуу жана жаңы тарифти түзүү үчүн өзгөчө комитетти уюштуруу чечими кабыл алынган.

Тариф саясатынын маселелерин талкуулоо эркин соода жүргүзүүнүн тарапташтары менен протекционисттик көз караштардын жактоочуларынын ортосунда курч талаш-тартыштар менен коштолуп, Александр IIнүн 1857-жылы 25-апрелде бекиткен бажы саясатындагы эркин соода системасын пайдаланууга жол ачкан [4, 126-б.].

1904-1910-жылдары бажы жаатындагы мыйзам бузуулар менен күрөшүүгө, бажы саясатын жүзөгө ашыруу механизмине чоң көңүл бөлгөн бажы уставдары кабыл алынган [5, 225-б.].

ЕАЭБдин азыркы өлкөлөрүнүн аймагы ар кандай мезгилдерде, XIX кылымдын ортосуна чейин ар түрдүү уруулардан турган же байыркы мамлекеттик бирикмелердин башын кошуп турган. Ошого карабастан ар бир мамлекет өз өнүгүүсүндө узак тарыхый жолду басып өткөн. Эгерде Борбордук Азия өлкөлөрүн алсак, Кыргызстандын, Казакстандын, Тажикстандын бажы, салык саясатынын укуктук негиздеринин калыптануу тарыхы түздөн-түз жана тыгыз түрдө Борбордук Азия аймактарынын Россия падышачылыгына кошулуусу жана Түркстан генерал-губернаторлугунун аймагында империялык мыйзамдардын жайылтылышы менен байланыштуу болгон.

Россия империясынын Түркстан генерал-губернаторлугунун аймагында, анын ичинде, революцияга чейинки Кыргызстан, Казакстан, Тажикстанда колдо-

нулган бардык мыйзамдарын эки топко бөлүп кароого болот [8]:

1) Жалпы империялык мыйзамдар;

2) Атайын мыйзамдар, башкача айтканда, Түркстан генерал-губернаторлугу үчүн гана чыгарылган мыйзамдар.

Жалпы империялык мыйзамдарга бүтүндөй империя үчүн чыгарылган бардык мыйзам актылары кирген жана алар ушуга ылайык, айрым өзгөртүүлөр менен Түркстан генерал-губернаторлугунун аймагына жайылтылган.

Салык системасы оторчулук мезгилдин биринчи күндөрүнөн тартып эле иштей баштаган. Салык төлөө жана башка милдеттүүлүктөрдү аткаруу жагынан Түркстан крайынын калкы расмий түрдө эки категорияга: көчмөндөргө жана отурукташкандарга бөлүнгөн. Бирок, иш жүзүндө алар төртөө болгон: а) көчмөн кыргыздар; б) отурукташкан кыргыздар, өзбек жана башка калктар; в) жер оодуруп келген орус, украин, немец, дунган жана уйгур калктары; г) шаар калкы. Бул көрсөтүлгөн категориядагы калк үчүн салынуучу салык системасы жана ар кандай акчалай, натуралай жыйымдар төлөө, милдеттүүлүктөр өлчөмү жана түрлөрү боюнча айырмаланып турган. Оторчулук доорунда Туркстандагы жана анын ичинде Кыргызстандагы салык системасы алгач 1867-жылдын 11-июлунда бекитилген Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын Убактылуу башкаруу Жобосунун 4-бөлүмүнүн: а) кыргыздардан алынуучу соода салыгы (255-278-беренелери); отурукташкан калктан алынуучу жер салыгы (279-295-беренелер); азиялык чет элдик соодагерлерден алынуучу соода салыгы (313-330-беренелер); облустук башкаруунун чыгымдарын камсыздаган земстволук жыйымдар менен коомдук милдеттенмелер боюнча жыйымдар (330-355-беренелер) менен аныкталган [6.] Мында 1867-жылга чейинки Кокон хандыгынын мезгилиндеги алык-салык системасы жоюлуп, Орусиянын оторчулук саясатынын жаңы салык системасы ишке кирген.

Жергиликтүү отурукташкан калк мурункудай эле «хараджж» (түшүмдүн ондон бири, натуралай), «зекет» (сатылуучу товардын кырктан бир бөлүгү, акчалай), «танап» (натуралай эсептөөгө мүмкүн болбогон жерлерден акчалай алынуучу салык) төлөп турган.

Мурунку Кокон хандыгы мезгилиндеги коомдук милдеттенмелердин тажрыйбасынан жана Орусиянын аймактарынан алынып туруучу ар түрдүү милдеттемелерди суммалап, бир катар коомдук иштерди аткаруу үчүн жыйымдар чогултула баштаган. Маселен, жолдорду, көпүрөлөрдү оңдоого, мечет, чиркөө сыяктуу диний курулуштарды курууга, ооруканаларды кармап турууга, айыл чарбасында дарылоо чыгымдарына жана башкаларга «кара чыгым» деп атайын жыйым жыйналган.

Салыктарды, жыйымдарды чогултуу уруу башчыларына, болуштук башкаруучуларга, айыл башчыларына (старчындар) жүктөлүп, алар бул укукту көп учурларда өз кызыкчылыгына пайдаланышкан. Айрыкча «кара чыгымдын» эсебинен салык чогултуучулар байып турушкан. Кээде бир эле салыкты бир жылда бир нече жолу алган, же өз уруусунун салыгын башка урууга төңкөрө салуу сыяктуу мисалдар болгон. Салыктын жана чыгымдын өлчөмү салык төлөөчүнүн байлыгына карата эсептелген эмес.

Ал эми Россия падышалыгынын бажы, салык иштери тууралуу мыйзамдары жалпы империялык актыларга кирген. Борбордук Азия өлкөлөрү Россия империясынын курамына киришип, анын ченемдик-укуктук актыларын жана бажы-укуктук чөйрөдөгү негизги укуктук жоболорду өздөштүрүүгө жетишкен. Мисалы, 1863-жылы Түндүк Кыргызстандын аймагы Россия империясынын курамына кирген. Ал эми түштүк райондор көп өтпөй, 1876-жылы Кокон хандыгы жоюлгандан кийин кошулушкан. Кыргызстан Россия империясынын курамына кошулгандан кийин, ал Түркстан областынын курамына (1865-1867-жылдары), ал эми 1876-жылдан тартып Түркстан генерал-губернаторлугуна киргизилген.

1886-жылдын 12-июнунда кабыл алынган Түркстанды башкаруу Жобосуна ылайык жергиликтүү салык системасын Кыргызстандын бардык аймактарында колдонулган. Бирок, Кыргызстандын азыркы Жети-Суу облусуна караган Чүй, Ысык-Көл жана Нарын аймактарынын жерлери 1891-жылы 31-мартынан 1898-жылдын 7-январына чейин Талас генерал-губернаторлугуна карагандыгына байланыштуу, 1891-жылы 25-мартында кабыл алынган «Акмоло», «Семипалатинск», Жети-Суу, Орол, Торгой облустарын башкаруу, же «Талаа крайын» башкаруу Жобосундагы киргизилген салык системасы иштеген. Анда «Салыктар жана мидеттемелер» деп аталган 4-бөлүмдүн биринчи бабынын 137-беренесинде «Акмоло, Семипалатинск, Жети-Суу, Орол, Торгой облустарынын көчмөн калкына Тикелей салык Уставынын» 320-342-беренелерине ылайык түтүн салыгы салынат деп берилген [7, 114-б.]. Жогорудагы аталган облустарда «Земстволук милдеттемелердин Уставынын» 420-437-беренелерине ылайык Земстволук чыгымдарды төлөө милдеттендирилип келген. Андан кийинки 154-168-беренелерде Түркстан крайынын башкаруунун Жобосунун 314-331-беренелеринде айтылган земстволук милдеттемелердин жана коомдук жыйымдардын түрлөрүн чогултуу ыкмалары жазылган [6, 28-б.].

*Советтер Союзунун бажы саясаты (1917-1991-жж.).* XXк. башында Россиянын бажы ишиндеги мамлекеттик монополияга негизделген, бажы мыйзамдары болгон. 1918-жылдын 29-майында эле РСФСРдин Эл комиссарлар кеңеши «Совет бийлигинин борбордук жана жергиликтүү органдарынын алымдарды жыйноо жана жергиликтүү бажы мекемелеринин

ишин жөнгө салуу боюнча укуктарына чек коюу жөнүндө» декретин чыгарган.

Жалпысынан, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн каралып жаткан тарифтик коргоо деңгээли салыштырмалуу анча жогору эмес. Советтик мезгилдеги бажы мамилелерин жөнгө салган алгачкы ченемдик-укуктук актылардын арасынан төмөнкүлөрдү атаса болот: РСФСР Эл комиссарлар кеңешинин (ЭКК) 1917-жылдын 29-декабрындагы «Товарларды ташып киргүүгө жана чыгарууга уруксат берүүнүн тартиби жөнүндө токтому, ЭККнын 1918-жылдын 22-апрелиндеги «Улуттук сооданы улутташтыруу жөнүндө» декрети, ЭККнын 1918-жылдын 29-майындагы «Бажы жыйымдары жана мекемелери жөнүндө» декрети жана башкалар. 1924-жылы СССРдин Бажы уставы, 1928-жылы СССРдин Бажы кодекси, 1964-жылы СССРдин Бажы кодекси, 1991-жылы СССРдин Бажы кодекси ишке ашкан. Бажы органдарынын мыйзамдарынын жана уюштуруучулук-укуктук иш негиздеринин кийинки өнүгүү этабы, б.а. көз каранды эмес мамлекеттердин калыптануусуна ылайык жүргүзүлөт.

1991-жылдан баштап, эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Кыргыз Республикасында бажы тармагында 500дөн ашуун ченемдик-укуктук актылар кабыл алынган жана бир нече эл аралык макулдашуулар ратификацияланган.

Постсоветтик мейкиндикте сооданы либералдаштыруу жана өндүрүш факторлорунун кыймылдары, ошондой эле соода-экономикалык кызматташуунун жана КМШ регионунда чарбалык иштерди жүргүзүүнүн жалпы эрежелерин иштеп чыгуу боюнча иш-аракеттер 1990-жылдардын башталышынан көрүлө баштаган. Бирок акыркы мезгилдерге чейин регион өлкөлөрүнүн өз ара алакаларынын өзөгүнө өткөн кылымдын аягында түзүлгөн эркин соода жөнүндө эки тараптуу макулдашуулар камтылып келди. 1994-жылы Азербайжан, Армения, Беларусь, Грузия, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Россия, Тажикстан, Өзбекстан жана Украина республикалары Эркин соода зонасы (ЭСЗ) жөнүндө макулдашууга кол коюшкан. Макулашуу өз ара соодада тарифтик жана тарифтик эмес чектөөлөрдү жокко чыгаруу жана көптөгөн соода тоскоолдуктарын жоюу каралган. Бирок, бул макулдашуу иш жүзүндө иштеген жок. Анткени бардык эле өлкөлөр, анын ичинде, Россия да ратификацияланган эмес. 1991-жылы Казахстандын, Россиянын, Белоруссиянын, ал эми кийин Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын жетекчилери кийин ЕврАЗЭСке транформацияланган Бажы союзун түзүү жөнүндө алгачкы келишимди түзүүгө жетишкен [10].

1995-жылы Беларуссиянын, Казакстандан, Россиянын президенттери жана кийин буларга кошулган Кыргызстан менен Тажикстандын президенттери Бажы союзун түзүү тууралуу биринчи макулдашууга кол коюшкан. Ушул келишимдердин негизинде 2000-жылы Евразия экономикалык коомдоштугу (ЕврАзЭС) түзүлгөн. 2007-жылы 6-октябрда Душанбеде (Тажикстан) Беларусь, Казакстан жана Россия Бажы союзунун бирге, туруктуу иштеген жетекчилик органы катары бирдиктүү бажы аймагын жана Бажы союзунун Комиссиясын түзүү жөнүндө келишимге кол коюуга жетишкен. Евразия бажы союзу же Белоруссиянын, Казакстандын жана Россиянын Бажы союзу 2010-жылы 1-январда күчүнө кирген. Бажы союзу мурдагы советтик республикалардын кеңири маанидеги Европа экономикалык бирлигин түзүүгө карай багытталган биринчи кадамы катары эсептелет [8].

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-апрелиндеги отурумунда №150 Токтом кабыл алынган, анда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн БСтин жогорку органына - ЕврАзЭСтин Мамлекеттер аралык кеңешине - Кыргызстандын БСке жана ЕЭКке кошулуусу боюнча сүйлөшүү процесстерине киришүү ниети жөнүндөгү кайрылуусу жактырылган. Кыргыз Республикасынын Бажы союзуна жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке кошулуусу жөнүндө сүйлөшүүлөр боюнча Өкмөткө караштуу ведомстволор аралык комиссия түзүлгөн. 2011-жылдын 19-октябрында ЕврАзЭСтин Мамлекеттер аралык кеңешинин отурумунда ЕврАзЭСке кирген мамлекеттер Кыргызстанды Бажы союзуна кошуу жана Ыйгарым укуктуу жумушчу топту түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. Негизги максаты калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу менен орто жана узак мөөнөткө туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылууга багытталган.

2012-жылы 1-январда Беларусь Республикасы, Казакстан Республикасы жана Россия Федерациясы интеграциянын кийики этабы болгон – Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке (БЭМ) кошулушкан. Максаты – товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, капиталдын жана жумушчу күчүнүн эркин жүрүүсүн камсыздоо болуп саналган.

2014-жылдын 29-майында Астана шаарында (Казакстан) Евразия экономикалык бирлигин түзүү жөнүндө келишимге кол коюлган. 2015-жылдын 1-январынан тартып ЕАЭБ Россиянын, Белоруссиянын жана Казакстандын курамында иштей баштаган. 2015-жылдын 2-январынан тартып Армения Республикасы ЕАЭБдин толук укуктуу мүчөсү болгон. 2018-жылдын 1-январынан баштап Евразия экономикалык бирлигинин Бажы кодекси иштей баштаган [10].

Жыйынтыктап караганда, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн бажы саясатын укуктук жактан камсыздоону түзүүгө болгон тарыхый жагдайдын таасирин аныктоо максатында, ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн бажы мыйзамдарынын калыптануусу жана өнүгүүсү тарыхый өңүттө изилденди.

КМШ алкагында интеграциялык процесстеринин өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү, Бажы союзун жана

Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүүнүн негизги этаптары жана өлкө мүчөлөрү үчүн ушул интеграциялык түзүмдөрдүн түзүлүшүнүн натыйжалары каралды. Кыргызстандын ортосунда айыл чарбаны колдоо жана жигердүү өнөржай саясатын жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүндөгү болгон айрмачылыктар, кичи жана орто бизнестин өнүгүүсүнүн ири резервдеринин бар болушу белгиленди.

Европа союзунун тажрыйбасын эске алуу менен БС жана ЕЭМ алкагында өнүгүүсүндө артта калган өлкөлөргө көмөк көрсөтүү боюнча механизмди түзүү жөнүндө сунуш киргизилген. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде Кыргызстандын өкмөтү үчүн оң таасирлерди максимизациялоо жана терс кесепеттерди азайтуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыккан. Кыргызстандын Бажы союзуна кошулуусунун миграция процесстерине карата кыска, орто жана узак мөөнөттүк мезгилдердеги таасири комплекстүү анализдөөгө алып келди. Кыска мөөнөттүк мезгилде БС өлкөлөрүндөгү Кыргызстандан барган эмгек мигранттардын укуктарын коргоого, Россиядагы мигранттарды каттоо көйгөйүнө (Кыргызстандан барган эмгек мигранттар багыт алган негизги өлкө болуп саналат), БС өлкөлөрүндөгү мигранттар үчүн медициналык жардамга жана мигранттардын калган үй-бүлө көйгөйүнө көңүл буруу сунушталганы маалым.

Жалпысынан алганда БС жана ЕЭМге кошулуусу өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн стратегиясында белгиленген негизги стратегиялык максаттарга ылайык келет. Белгилүү болгондой, Кыргызстан экономикасынын өнүгүүсүнүн деңгээли жогору болбогон чакан өлкө. Анын үстүнө БСтин өлкө мүчөлөрүнө караганда биз экономикалык өнүгүү жагынан артта калуу жагы байкалууда. Кыргызстанда ИДПнын көлөмү 2013-жылы АКШнын 7,2 млрд. долл., ал эми ошол эле учурда Белоруссияда 72 млрд. долл., Казакстанда 220 млрд. долл. жана Россияда 2118 млрд. долл. түзгөн. Башкача айтканда, Белоруссияда бул көрсөткүч 10 эсеге жакын, Казакстанда дээрлик 30 эсеге жана Россияда 294 эсеге жогору. Бир адамга карата ИДПнын өндүрүшү (сатып алуу мүмкүнчүлүгүнүн артыкчылыгы боюнча) Кыргызстанда 2013-жылы АКШнын 2533 долларын, ал эми ошол эле учурда Белоруссияда 16106, Казакстанда 14133 жана Россияда 18083 долл. түздү. Башкача айтканда, Белоруссияда бул көрсөткүч 6,4 эсеге жакын, Казакстанда – 5,6 эсеге жана Россияда - 7,1 эсеге жогору [9]. Демек, Кыргызстандын интеграциялык топко кошулуусу келечекте жашоонун жогору деңгээлине жетише алат. Кыргызстан модернизацияланган экономикасы жана өсүштүн деңгээли жогору болгон, түзүлүп жаткан интеграциялык бирикменин – Евразиялык экономикалык союздун бөлүгү катары, Кыргызстанга сапаттык жактан жаңы деңгээлге чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт жана экономикалык өнүгүүгө кенен жол ачат деп айтууга болот.

**Адабияттар:**


1. Бондаренко Н.П. Таможенно-тарифное регулирование ВЭД [Текст] / Н.П. Бондаренко. - М.: ИКЦ «МарТ» Ростов-на-Дону, 2007. - 19 с.
2. Мещериков В.А. Становление и развитие таможенного права Кыргызской Республики [Текст] / В.А. Мещериков: Автореф. дисс. к.ю.н.: 12.00.02. - Б., 2009. - 48 с.
3. Сооданбеков С.С. Общественный и государственные строй Кокандского ханства [Текст]. - Б., 2000, 111 с.
4. Кисловский Ю.Г. История таможенного дела и таможенной политики [Текст] / Ю.Г. Кисловский России. 3-е изд., доп. / Под общ. ред. А.Е. Жерихова, - М., 2004. - 126 с.
5. Соломеин А.Ю. История таможенного дела и таможенной политики России [Текст] Учеб. пос. / А.Ю. Соломеин. - СПб: ИЦ Интермедиа, 2011. - 225.
6. Кененсариев Т. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917). - Б., 2019. - 454-б.
7. Свод Законов Российской Империи. В пяти книгах. Книга первая. - Т.1-3. - Т.2. - СПб., 1912. - 446-447-бб.
8. Кондратьева Н.Б. Таможенный союз ЕврАзЭС движется по стопам ЕС. // Актуальные проблемы Европы. - №2, 2011.
9. Павлов А.Н. Оценка экономического эффекта присоединения Кыргызской Республики к Таможенному союзу // Евразийская экономическая интеграция. - №4 (13), ноябрь 2011.
10. Ушкалова Д.И. Формирование таможенного союза и единого экономического пространства России, Белоруссии и Казахстана: проблемы и предварительные итоги. - М.: РАН, Институт экономики, 2012.
11. Сагынбай кызы Н. Формирование экономической интеграции в Евразийском пространстве и её историческая место. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 2. С. 198-201.